| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>ПАНФИЛОВ РАЙОНУ<br>КАЙЫҢДЫ ШААРДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН<br>КАИНДИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ** |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

01.10.2025 ж. № 33/XII – 1

**«Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Панфилов филиалына, Панфилов райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгына, Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Коргоо министрлигине (чек ара кызматы) мурда пайдаланууга берилген имараттарды Кайыңды шаардык мэриясынын балансына кайтаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 1995-жылдын 16-февралындагы № 37 – Жарлыгынын негизинде, социалдык маанидеги объектилерди сарамжалдуу пайдалануу максатында, Кайыңды шаардык кеңешинин депутаттарынын сессиясы токтом кылат:

1. Панфилов райондук мамлекеттик администрациясынын 2000-жылдын 22-сентябрындагы № 298 токтомунун, Кайыңды айылдык кеңешинин 2002-жылдын 27-ноябрындагы № 59/XX - 2 токтомунун негизинде, «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Панфилов филиалына, Панфилов райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгына, Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Коргоо министрлигине (чек ара кызматы) мурда пайдаланууга берилген имараттарды Кайыңды шаарынын мэриясынын балансына кайтарууга мукулдук берилсин:

- Кайыңды шаары, Юбилейная 2/а дарегинде жайгашкан, мурунку “Золотой ключик” бала бакчасынын имараты.
- Кайыңды шаары, Коммунистическая 25/а дарегинде жайгашкан, мурунку “Малыш” бала бакчасынын имараты.

2. Кайыңды шаарынын мэриясы бул объекттерди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кайтарып берүү процессин камсыз кылсын.

3. Ушул токтом ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине каттоо жана киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигине жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети Кайыңды шаардык кеңешинин агрардык, жер жана турак-жай меселелери боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **У.Б. Абдрасулов**